# Беш көкүл чач



Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Беш көкүл чач

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Беш көкүл чач» (кыргыз тилинде), автор Абдыкерим Муратов, сүрөтчү Таттыбубу Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Менин атым – Апал. Биз, Үпөл экөөбүз, эгизбиз. Бүгүн экөөбүздүн туулган күнүбүз, сегиз жашка толдук. Бизди куттуктап, белектерди беришти.

– Кыздарым беш көкүл болуп калган турбайбы! – деди чоң энем сыймыктана.

Чоң энемдин бул сөзүнө  түшүнбөй, таң калып калдык.

– Беш көкүл деген эмне, чоң эне? – деп жарыша сурадык.


– Ой, айланайын, алтын кыздарым! Аны жакында билесиңер, – деди чоң энем ого бетер сырдуу.

Кийинки жумада апам, жеңем менен кошо боорсок бышырып, дасторкон даярдашты. Биз да жардамдаштык. Бектур байкем кошуна апаларды чакырып келди.

Төрт жашка чыкканыбызда, таенем биздин чачыбызды суулап  коюптур. Анда чачыбыз кыска болуп, өргөнгө жарай элек экен.

– Муну илгери жөн эле «чымчып коюу» дешчү, – деди чоң энем.

Бүгүн чачыбызды чындап өрүшөт деп кубанып жүрдүк.





Жер төшөктүн үстүнө экөөбүздү бет маңдай отургузушту. Коноктор тегерете орун алышты.

– Бул – булактын таза суусу, жылытып койдум, – деп апам эки кесе сууну алып келип койду.

Чачыбызды ошол суу менен суулап, менин чачымды кошуна Зуура апа, Үпөлдүн чачын жеңем өрмөк болду.

– Эмнеге булактын суусу, чоң эне? – деди ар нерсеге кызыга берген Үпөл.

– Булактын суусу – таза, кыздарым. Силер дайыма ошол суудай таза болгула! – деп чоң энем түшүндүрүп берди.



Чачыбызды жыгач тарак менен тараштты.

– Эми, өрө бергиле! – деди чоң энем.

Чачыбыз кандай болуп калат экен деп чыдамыбыз жетпей отурдук. Чачты шашпай, майдалап өрүштү. Экөөбүздүн тең оң тарабыбызга беш, сол  жакка беш чач өрүлдү.  Аркабызды жети чач жаап калды. Чачтын учуна кебезден өрүп, чач учтук байлашты.

– Мына эми беш көкүл болдуңар, айланайындар! – деди чоң энем чекебизден өөп.

Коноктор каалоо айтып, бата беришти.



Беш көкүл чачыбызга жетине албай күзгүнүн астына келдик. Улам-улам күзгүгө каранып, кечке турдук.

– Сенде канча чач болду? – дедим Үпөлгө.

– Он жети!

– Ай-ий, сонун болду, ээ? Менде да он жети!

Эртеси мектепке барганда, чачыбызды баары кызыга караштты. Ал тургай, кармап көрүп, санап да чыгышты.

Шаардан быйыл жаңы келген Альбина өзүнүн кыска чачын сылай кармап:

– Мен да чачымды узун кылып өстүрөм. Анан  ушундай өрдүрүп алам, – деди суктана карап.



Сабактан кийин сыртта ойноп жүргөндө да көлөкөбүздү көрдүк. Көлөкөдөн чачыбыз узун, тарбайган антеннадай көрүндү. Күлүп жибердик. Ар бир көкүлдү ары-бери буруп да көрдүк.

Үпөл болсо улам-улам күзгүгө карана берди. Ага да аябай жакты окшойт.

Чын эле, өрүлгөн чачыбыз жарашып калды. Кыздар биз менен сүрөткө түшүштү.

Жакында мектепте Нооруз майрамы болот. Улуттук көйнөгүбүздү кийип, чачыбызды ушундай беш көкүл өрдүрүп алабыз деп кыялданып жаттык...

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли